Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук № 6
« 1 » сентябрь 2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
_______ Тыналиева С. А.
« 1 » сентябрь 2022 ж

# Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин усулдук бирикменин жетекчисине коюлуучу квалификациялык талаптар жөнүндөгү ЖОБОСУ

1. **Жалпы жоболор**

1.1 Мектептеги усулдук бирикменин жетекчисинин жогорку кесиптик билими жана билим берүү тутумунда иштеген эмгектин стажы 5 жылдан кем эмес болушу керек.

1.2. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси түздөн-түз мектеп директорунун орун басарына баш иет.

1.3. Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси өзүнүн ишмердигине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жетекчиликке алат.

Функционалдык милдеттери

2.1 Бекитип берилген мугалимдер тобунун усулдук ишин уюштуруу, бул ишти жетектөө жана аткарылышын көзөмөлдөө.

Кызмат милдеттери

Мектептеги усулдук бирикменин жетекчиси төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

3.1 Талдайт:

- бекитип берилген мугалимдер тобунун усулдук ишинин маселелерин жана натыйжаларын;
- катышкан сабактарынын жана башка түрлөрдөгү иштеринин формасын жана мазмунун

3.2 Пландалган усулдук иштин натыйжасын божомолдойт;

3.3 Пландайт жана уюштурат:

- бекитип берилген педагогдордун утурумдук жана келечектеги ишин;
- зарыл усулдук документтерди иштеп чыгууну;
- программанын аткарылышы жана ага бекитилип берилген педагогдордун окуучуларынын билим даярдыгынын калыс бааланышын көзөмөлдөө,
- административдик текшерүү иштерин даярдап өткөрүүнү;
- бекитип берилген педагогдордун квалификациясын жана кесиптик чеберчилигин жогорулатууну.

Кызматы боюнча мамилелери жана байланыштары

4.1 Өзү жетектеген усулдук бирикменин мугалимдеринин өткөргөн сабактарына бардык учурда кире алат (бирөө сабак башталгандан кийин өтө зарыл болбосо, кирүүгө жана сабактын жүрүшүндө педагогго сын пикир айтууга акысы жок;

4.2 Катыша алат:

- мектептин билим берүү саясатын жана стратегиясын иштеп чыгууга, тийиштүү стратегиялык документтерди түзүүгө;
- педагогдорду аттестациялоого;
- педагогикалык кеңештин ишине;
- өзү жетектеген усулдук бирикменин педагогдорун тандап жана иш ордун аныктоого.

4.3 Сунуш киргизе алат:

- өзү жетектеген усулдук бирикмелеги мугалимдердин конкреттүү усулдук долбоорлорун баштоо, токтотуу же убактылуу токтотуу жөнүндө;
- өзү жетектеген усулдук бирикмелеги мугалимдерге колдоо көрсөтүү, материалдык же моралдык түрткү берүү жөнүндө;
- окуу - усулдук ишти өркүндөтүү боюнча.

4.4 Өзү жетектеген усулдук бирикмелеги мугалимдердин биргелешкен жана жекече окуу усулдук ишинин жүрүшүн жана натыйжаларын көзөмөлдөө жана баалай алат.

4.5 Талап кыла алат:

- түздөн -түз баш ийгендерден иш документтерин текшерүү жана ага түзөтүү киргизүү үчүн;
- мектеп жетекчилеринен өзүнүн кызмат милдеттерин аткаруу үчүн зарыл маалымат материалдарын жана ченемдик -укуктук документтерди пайдалануу үчүн.

4.6 Бекитип берилген педагогдордон кесиптик адеп ченемдерин жана талаптарын сактоону, мектеп кабыл алган пландар менен менен программаларды аткарууну талап кыла алат.

4.7 Өзүнүн кесиптик чеберчилигин жогорулата алат.

5.1 Мугалимдер менен биргеликте УБ ишмердигин пландайт. Иш планы менен директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдаштырылат да, пландаган мезгилден тартып беш күндөн кечиктирилбей мектеп директору тарабынан бекитилет.

5.2 УБ жетекчиси төмөнкүлөр менен иштешет:

- Мектептин педагогикалык жана усулдук кеңештери менен,
- Райондук УБ менен;
- Мектеп директорунун окуу- тарбия иштери боюнча орун басары, класс жетекчилер, социалдык педагог менен.

5.3 Окуу жылы аяктагандан кийин беш күн ичинде директорунун окуу-тарбия боюнча орун басарына МБнин ишмердиги жөнүндө жазуу жүзүндө отчет берет.

5.4 Билим берүүчү уюмдун директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынан ченемдик-укуктук жана уюштуруу усулдук мүнөздөгү маалыматтарды алат, тийиштүү документтер менен таанышат.

5.5 Өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча билим берүүчү уюмдун педагогикалык кызматкерлери, директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен дайыма маалымат алмашып турат.

Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук № 19
«1» сентябрь 2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
_______ Тыналиева С. А.
«3» сентябрь 2022 ж

## Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин парламенти жөнүндө ЖОБОСУ

1. **Жалпы жоболор.**

1.1 Мектеп парламенти - өз укуктарына жана милдеттерине карата аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү мамилени калыптандыруучу, өзүн-өзү башкаруучу орган.

1.2 Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюму өз ишинде "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө" Мыйзамын, БУУнун Баланын укуктары жөнүндө Конвенциясынын мектептин Уставын , ошондой эле ушул Жобону жана мектептин жергиликтүү укуктук актыларын жетекчиликке алат.

1.3 Мектептин окуучулар жамаатынын жогорку органы -мектептин парламенти , ал мектептин лидери-президенти башында турат.

1.4 Мектептин парламентин окуучулар тарабынан шайланган президент башкарат.

1.5 Мектептин парламенти министрликтерден турат министрлер башында турат

1.6 Башталгыч класстын окуучулары (1-4-класстар) ар кандай мектептик жана класстын тышкары иш-чараларга катышуу аркылуу мектеп парламентинин иши менен таанышышат.

1.7 Мектептин орто деңгээлинин окуучулары (5-9-класстар) ар кандай иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө катышышат.

2. **Мектепти башкаруунун максаты жана милдеттери**

2.1. Иш-чаранын максаты-окуучулардын билим беруу мекемесинин мектептеги өзүн-өзү башкаруусуна катышуу укугун ишке ашыруу

2.2. Мектептин өзүн -өзү башкаруусунун милдеттери:

- бирдиктүү форманы түзүү аркылуу билим берүү тутумун түзүү.
- инсанды жалпы адамзаттын баалуулуктары менен тааныштыруу , мектептин коомдук турмушуна катышуу аркылуу социалдык нормаларды киргизүү
- өзүн көрсөтүүгө, өзүн-өзүн тастыктоого жана ишке ашырууга шарт түзүү

2. Мектептин өзүн-өзү башкаруусу эмгекке тарбиялоону жана кесипке багыт берүүнү.

Класстан тышкары тарбия иштерин уюштурууга өзүн-өзү кызмат кылууну өркүндөтүүгө, окуучулар арасында коомдук менчикке болгон сый мамилени калыптандырууга, мектеп окуучуларынын аң-

сезимдүү дисциплинасы жана өзүн алып жүрүү маданияты мектептин ички эрежелерин, бирдиктүү талаптарды бардык окуучулардын аткаруусуна өбөлгө түзөт. Кеңеш билим алууда өз ара жардамдашууну уюштурат.

3. Сабактар боюнча олимпиадаларды, кечелерди уюштурууга жана өткөрүүгө жардам берет.

4. Мектеп парламенти мектеп окуучуларынын эмгек бирикмелерин түзүүгө катышат,алардын эффективдүү болушун уюштурууга ар тараптуу салымын кошот.

5. Мектеп парламенти мектепке өзүн-өзү тейлөөнү уюштурат, класстарды класстык бөлүмдөрдү жана башка жайларды тазалоо, мектептин аймагын көрктөндүрүү, класстарды жана кластардын шаймандарын коопсуздугуна өбөлгө түзөт

2. Мектеп парламентинин иш-милдеттери

3. **Өзүн-өзү башкаруу**

3.1 Мектеп турмушунун маселелерин чечүүдө окуучулардын атынан сүйлөйт, мектеп окуучуларынын мектеп жашоосу жөнүндө пикирин изилдейт жана түзөт, мектептин башкаруу органдарында окуучулардын позициясын билдирет, билим берүү процессин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгат.

3.2 Окуучулардын класстан тышкары демилгелерин ишке ашырууга көмөктөшөт, кызыкчылыктарын жана мектептен тышкары иштер чөйрөсүндө мектеп окуучуларынын муктаждыктары , аларды жүзөгө ашырууга шарт түзөт.

3.3 Чыр-чатактуу маселелерди чечүүгө көмөктөшөт, мектеп көйгөйлөрүн чечүүгө окуучулардын , мугалимдердин жана ата-энелердин кызыкчылыктарын шайкеш келтирүүгө катышат, окуучулардын укутарын коргоо боюнча ишти уюштурат.

4. Укуктары жана милдеттери

4.1 Өзүн-өзү башкаруу органдары чыныгы укутарга ээ жана өз иши үчүн чыныгы жоопкерчиликти тартат.

4.2 Мектептин каалаган окуучусу , ошондой эле мектептин өзүн-өзү башкаруу уюм төмөнкүлүргө укуктуу:

- анын ар намысына жана кадыр-баркыңа карата мамиледе болсо, окуучулардын жеке кызыкчылыктарын коргоо;
- мектеп иштерин башкарууга катышуу, өз оюн ачык жана туура айтуу, иш аракеттерди сындоо, келечекте аларды кароо үчүн өз сунуштарын билдирүү;
- мектептин максаттары менен милдеттерине карама -каршы келбеген ар кандай чыгармачыл топторго, комитеттерге, клубдарга ж.б.

Мектептин аймагында, анын ичинде жабык жолугушууларды, башка иш-чаралар жумасына жок дегенде бир жолу өткөрүү.

Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Буйрук № 33
«1» Сентябрь 2022 ж

БЕКИТЕМ
Мектеп жетекчиси
__________ Тыналиева С. А.
«1» сентябрь 2022 ж

# Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинин окуучулардын ден - соолугуна жана өнүгүшүнө зыян келтирүүчү интернеттеги маалыматтардан коргоо боюнча ЖОБОСУ

Жобунун максаты: Интернеттеги мектеп окуучуларына таасир берүүчү зыяндуу маалыматтык коопсуздукту үйрөтүү интернет билим берүүдө колдонуу жана аларга санариптик сабаттуулукту сиңирүү. Мектеп окуучуларынын интернет психологиясы жаатында мугалимдердин компетенттүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатуу боюнча ишти уюштуруу.

1. Интернетти колдонуучу окуучулардын коопсуздугун коргоо жаатында билимди калыптандыруу боюнча иш алып баруу; ата-энелер жана коомчулук менен тарбия иштерин уюштуруу;
2. Билим берүүдөгү интернет булагын колдонуу процессин психологиялык - педогогикалык жактан көзөмөлдөө;
3. Компьютердик техниканы колдонууда, компьютерди колдонуу тартибине жооптуу кызматкерди дайындоо;
4. Атайын компьютердик жабдууларга өзүнчө класстык бөлмө бөлүп берүү;
5. Окуучулардын интернет булактарын колдонуусун көзөмөлдөө ирээтинде класс жетекчилердин, социалдык пегагогдун кызматтык милдеттерине кошумча милдеттендирүү;
6. Мектепке атайын психолог кызматкерин жалдоо;
7. Окучууларды, билим берүү жана тарбиялоо милдеттерине туура келбеген маалыматтарды камтыган интернет ресурстарына кирүүсүн жокко чыгаруу боюнча комплекстүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн методикалык жана маалымдамалык материалдар менен тааныштыруу;
8. Компьютердик класстарда иштеген мугалимдердин эмгекти коргоо боюнча нускамаларын иштеп чыгуу;
9. Веб-сайт тууралуу нускама кабыл алуу;
10. Интернет түйүнүнүн окуучуларга карата коопсуздугун коргоо негизинде окуучулар жана ата-энелер менен тематикалык жолугуушуларды тынымсыз уюштуруу;
11. Интернет түйүнү аркылуу жасала турган зомбулук жана кордоолорду алдын- алуу боюнча класстык-тематикалык сааттарды өткөрүү;
12. "Коопсуз Интернет" аттуу атайын педсовет өткөрүү
13. Күнүмдүк жумуш учурунда окуучуларга интернет аркылуу алынган кызыктуу жана кызыксыз маалыматтарды чогултуу (класс жетекчилер, мугалимдер коллективи)
14. Мугалимдер коллективи Интернеттен алынган алгылыктуу тарбиялык, билим берүү тармагындагы чыгармачыл методдорду колдонуусуна шарт түзүү
15. Интернет булактарынын билим алууга тийгизген таасирлери тууралуу мониторинг жүргүзүү (класс жетекчилер жана социалдык педагог);
16. "Интернеттин таасири" атындагы атайын окуучулар менен тегерек стол өткөрүү
17. Мектептеги китепкананы атайын интернет коопсуздугу боюнча китеп, журнал, газеталар менен толуктоо;

18. Атайын психологдун " Интернет көз карандысы", "Интернет оюндардын таасири" темасында лекция өтүүсүн камсыздоо;

19. "Компьютердик техника жана ден-соолук" лекциясын атайын дарыгердин жардамы менен өткөзүү;

20. Интернет түйүнү тууралуу окуучулар арасында сурамжылоо жүргүзүү :

- Интернеттин пайдасы;
- Интернет-китеп;
- Интернет доспу же.